***Кадырова Зиада Абдылдаевна,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***изденүүчү,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: kadyrova.ziada@mail.ru***

## БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

***Кадырова Зиада Абдылдаевна,***
***Кыргызская академия образования,***
***соискатель,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: kadyrova.ziada@mail.ru***

## СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ОЦЕНКИ УЧЕБНЫХ ДОСТИЖЕНИЙ УЧАЩИХСЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

***Kadyrova Ziada Abdyldaevna,***
***applicant,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***e-mail: kadyrova.ziada@mail.ru***

## CURRENT STATE OF LEARNING ACHIEVEMENT ASSESSMENT IN PRIMARY SCHOOL

***Аннотация:*** *Мугалим окуучунун окуу жетишкендигин баалоо жөнүндө теориялык билимдер, нормативдик талаптар менен камсыз болуусу кажет. Мындан тышкары, окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоонун заманбап методдорун жана каражаттарын колдоно билүүсү зарыл. Макалада башталгыч мектептин окуучуларынын окуу жетишкендиктерин баалоонун азыркы учурдагы практикалык абалы, андагы орун алган кемчиликтер тууралуу иликтөөнүн натыйжасы келтирилген.*

***Аннотация****: Учитель должен быть обеспечен теоретическими знаниями и практическим опытом оценивания учебных достижений учащихся. Кроме этого, он должен уметь применять современные методы и средства оценивания учебных достижений учащихся. В статье приведены результаты исследования современного состояния оценивания учебных достижений учащихся начальных школ и описаны недостатки в нем.*

***Annotation****: The teacher must be provided with theoretical knowledge and practical experience in assessing the educational achievements of students. In addition, he must be able to apply modern methods and means of assessing the educational achievements of students. The article presents the results of a study of the current state of assessment of educational achievements of primary school students, identified shortcomings in it.*

***Түйүндүү сөздөр****: окуучунун окуу жетишкендиктери, баалоо, мугалимдин баалоо ишмердүүлүгү, анкеталоо, аңгемелешүү.*

***Ключевые слова****: учебные достижения учащихся, оценивание, оценочная деятельность учителя, анкетирование, беседа.*

***Key words:*** *educational achievements of students, assessment, teacher's assessment activities, questionnaires, conversation.*

**Киришүү**. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо башталгыч класстын

мугалимдери төмөнкүдөй баалоо ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүгө тийиш:

1. Окуу жетишкендиктерин баалоонун максатын аныктоо.

2. Окуу материалындагы билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, өздүк сапаттарды, б.а. бааланууччу материалдын мазмунун аныктоо.

3. Баалоочу критерийлерди жана көрсөткүчтөрдү, окуу жетишкендиктеринин деңгээлдерин иштеп чыгуу.

4. Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоого карата каражаттарды, тапшырмаларды даярдап алуу.

5. Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоо процессин уюштуруу.

6. Баалоо процесси аяктагандан кийин анын жыйынтыктарын нормативдер, талаптар, критерийлер менен салыштыруу, анын негизинде окуучуларга баа коюу.

7. Кийинки окутуу процессинде окуучулардын билимдерине коррекция жүргүзүүгө карата иш пландарды иштеп чыгуу.

Бул ишмердүүлүктү аткарууда мугалимдердин теориялык билимдери жетиштүү болуусу зарыл. Мындан тышкары, алар баалоо боюнча практикалык тажрыйбаларга дагы ээ болуусу кажет. Бул боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүү илимий жана методикалык жактан кызыгууну жаратат.

**Изилдөөдө алынган натыйжалар жана аларды талкуулоо.** Окуучунун жетишкендиктерин баалоо боюнча Кыргызстанда көптөгөн иликтөөлөр жүргүзүлгөн жана илимий-методикалык эмгектер жарыяланган. Бул эмгектерде педагогикалык баалоо боюнча теориялык иликтөөлөрдүн жана практикалык тажрыйбалардын натыйжалары келтирилген [1; 2; 3; 4]. Бирок башталгыч мектептин баалоо ишмердүүлүктөрү боюнча азыноолак гана иликтөөлөр орун алган [5; 6; 7]. Баалоо боюнча башталгыч мектептин мугалимдеринин түшүнүктөрү канчалык деңгээлде экенин жана окутуу процессинде баалоону кантип ишке ашырып жатканын иликтөө үчүн 2018-2019-окуу жылында төмөнкүдөй багыттарда иликтөөлөр жүргүзүлдү.

1) *Окуу нормативдик документтерге, окуу программаларына анализ жүргүзүү.* Кыргызстанда кабыл алынган жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартында баалоого карата атайын бөлүм келтирилген [8]. Биринчи жана экинчи класстын жарымына чейин окуучунун окуу жетишкендигин баалоо процессин баа белги койбостон уюштуруу талабы коюлган. Баа белги менен баалоо экинчи класстын экинчи жарымынан башталат. Демек, 1- жана 2-класстарда окуучунун билимин сапаттык, сөз аркылуу, б.а. калыптандыруучу баалоонун технологиясын пайдалануунун негизинде баалоо зарыл.

Баалоону уюштурууда башталгыч класстын мугалими үчүн стандарт төмөнкүдөй милдеттерди коет [1, 108-б.]:

1) мугалим позитивдүү эки тараптуу байланышты (окуучунун ишине баяндама берген жазуу жүзүндөгү жана оозеки отчеттор) түзөт, окуучуларга азыркы натыйжалары менен мурдагы этаптагы натыйжаларын салыштырууга жардам берет, аңдаптүшүнүү процесстерин, жүйөөлөрдү, окуу натыйжасы катары компенттүүлүктү өнүктүрүүгө оозеки баа берет;

2) натыйжаларга жетишүүсүндөгү жана инсандык өнүгүшүндөгү окуучунун прогрессине көз салат жана ар бир окуу жылынын акырында сыпаттоо баасын берет;

3) баа берүүнүн ар кандай ыкмаларын жана формаларын, анын ичинде өзүнө-өзү баа берүүнү, өз ара баа берүүнү, сапаттык баа берүүнүн инструменттерин (окуучунун портфолиосу, байкоо жүргүзүү, өнүгүү картасы ж.б.) пайдаланат;

4) маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун прогресси жана окутуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө ата-энелерге маалымдайт;

5) жыл сайын, экинчи класстын жарымынан баштап белгилери жана коштоочу сыпаттоо формасы менен ар бир окуучунун жетишкендигинин табелин даярдайт.

Башталгыч класстын окуу предметтеринде дагы окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоого карата тиешелүү иш-аракеттер көрүлгөн. Кыргызстанда башталгыч класста окуп-үйрөнүү үчүн 10 предмет келтирилген. Бул предметтердин программаларында ар бир класс боюнча окуучулар

ээ боло турган негизги билгичтиктер иштелип чыккан. Бул билгичтиктер мугалимдер жана окуучулар үчүн ориентир болуп эсептелет жана бул билгичтиктердин калыптаныш деңгээлин баалоо үчүн мугалимдер тиешелүү баалоо каражаттарын түзүп чыгышы кажет жана аларды окуу жылынын аягында окуу предметин кандай өздөштүргөндүгүн билүү үчүн сунуштоосу зарыл. Мындан тышкары бул билгичтиктер баалоону уюштурууда маанилүү ориентир болуп бере алат. Анткени мугалим программада көрсөтүлгөн билгичтиктерди эске алуу менен алардын окуучуларда калыптанышын көзөмөлгө алып турат жана окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоодо ушул билгичтиктерге көңүл бурат. Мисалы, математика предметинин программасында 3-классты бүтүрүүчүлөр ээ боло турган негизги билгичтиктер катары төмөнкүдөй билгичтиктер жана көндүмдөр келтирилген [9]:

– көбөйтүүнүн жадыбалдарын жатка билүү;

– 3 жана 4 орундуу сандарды окуу, жазуу жана салыштыруу, 10 миңге чейинки сандарды жазуу жүзүндө кошуу жана кемитүү, аларды бир орундуу санга көбөйтүү жана бөлүү;

– «эсе чоң», «эсе кичине» түшүнүктөрүн өз ичине алган тексттүү арифметикалык маселелерди, ошондой эле кошуу, кемитүү, көбөйтүү жана бөлүү амалдарынын жардамы менен курама маселелерди чыгаруу ж.б.

Бул билгичтиктер мугалимдерге жыл бою окуучуларга калыптандыруу үчүн көз салып турууга мүмкүндүк берет.

2) Башталгыч класстын мугалимдеринин сабактарына катышуу. Башталгыч мектепте баалоо процесси кандайча уюштурулуп жатканын иликтөө максатында мугалимдердин сабактарына катышуу уюштурулду. Стандартта коюлган талап боюнча 1-жана 2-класстын экинчи жарым жылдыгына чейин мугалимдер баа белги койбойт, окуучунун аткарган жумуштарына баяндама баа берет, анын жакшы жактарын баса белгилеп, окуучунун шагын сындырбоонун аракетинде кемчиликтерин этияттап белгилеп көрсөтөт. Бирок, бардык эле мугалимдер сабактарында калыптандыруучу баалоонун стратегияларын колдоно беришпейт.

Сабактын башталышында мугалим үйгө берилген тапшырмалардын аткарылышын текшерет жана ага жараша окуучунун билимин сөз түрүндө же баа белги менен баалайт (3-4-класстарда). Жаңы теманы өтүүдө түшүнүктүн калыптанышын бышыктоо үчүн тапшырмалар, көнүгүүлөр иштетилет. Мугалим бул көнүгүүлөрдү жалпы класс менен кошо талкуулайт. Түшүнүктү бекемдөө үчүн китептеги мисалдарды же маселелерди иштетишет. Сабак бүтөөр алдында окуучуларга үй тапшырма берилет. Класста тапшырма аткаргандарга мугалим баа коет. Мына ушундай традициялык схема боюнча баалоо процесси жүрөт. Демек, окуучунун окуу жетишкендигин баалоо үй тапшырмасынын аткарылышы боюнча, сабакта мисал-көнүгүүлөрдү иштөө боюнча, мугалимдин берген суроолоруна окуучунун жооп берүүсү боюнча жүргүзүлөт.

Окуучуларга сунушталган тапшырмалардын аткарылышын кантип баалай тургандыгы тууралуу сураганыбызда, алар тапшырманын туура жооптору менен салыштыруу аркылуу баалай турганын билдиришти. Мында мугалимдер окуучулардын билимдерин баалоо үчүн тиешелүү критерийлерди алдын ала даярдап алуу керектиги жөнүндө маалыматтары жок экени белгилүү болду. Баалоо учурунда мугалимдин колдонгон методдору чектелүү. Сабакта практикалык методдор басымдуу түрдө колдонулат. Кырдаалдуу тапшырмалар, оюн методдоруна ылайык келген тапшырмалар дээрлик колдонулбайт. Биз катышкан 48 сабактын 42 сабагында мугалимдер суроо-жооп ыкмаларын колдонушуп, көнүгүүлөрдү иштетүү менен гана чектелишти. 6 сабакта гана мугалимдер балдарга кызыктуу оюн тапшырмаларын, кырдаалга багытталган тапшырмаларды иштетип, кроссворд жана логикалык багыттагы тапшырмаларды колдоно алышты. Бул ыкмаларды Бишкек шаарындагы башталгыч мектептердин мугалимдери колдонушту.

Биз сабактарына катышкан башталгыч класстын мугалимдеринин ичинен 27 мугалим баалоонун жаңы стратегияларын колдо-

нушары белгилүү болду. Бирок, мугалимдер стратегияларды аткаруунун сырткы көрүнүшүнө басым жасашып, формалдуу аракеттер менен гана чектелип калышты. Мында колдонулган стратегиялар окуу материалын өздөштүрүүгө багытталбайт.

3) Башталгыч класстын мугалимдеринен анкеталык сурамжылоолорду уюштуруу, алар менен аңгемелешүү. Башталгыч класста баалоо ишмердүүлүгүнүн жолго коюлушун толук аныктоо үчүн мугалимге сурамжылоо жүргүзүлдү жана алар менен аңгемелешүү уюштурулду. Мугалимдер менен сурамжылоо төмөнкүдөй маселелерди аныктоого арналды.

1) Окутуу процессинде баалоо проблемасына болгон мугалимдин мамилеси;

2) Окутуу процессинде баалоонун жаңы түрлөрүнүн өзгөчөлүгүн, маанисин түшүнө билүүсү;

3) Баалоону уюштурууда мугалимдин кайтарым байланыштын ролун түшүнө билүүсү;

4) Мугалимдин “критерий” түшүнүгүн билүү деңгээли;

5) Өзүн өзү баалоо жана бири-бирин баалоо тууралуу мугалимдердин түшүнүктөрү;

6) Окутуу процессинде баалоону уюштурууда жана окутуунун натыйжасын аныктоодо мугалимдин кыйынчылыкка дуушар болуу үлүшүн билүү.

Сурамжылоого биз сабактарына катышкан мугалимдер менен катар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда квалификациясын жогорулатууга келишкен башталгыч класстын мугалимдери катышышты. Жалпысынан 112 мугалим катышты.

*Биринчи маселеде* – башталгыч класстын мугалимдери окутуу процессинде окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо проблемасын өз ишмердүүлүктөрүндөгү эң орчундуу жана актуалдуу маселелерден деп эсептешет. Сурамжылоонун натыйжасында педагогикалык баалоого карата мугалимдердин мамилелери төмөнкүдөй болуп аныкталды:

1) мугалимдердин 16 %ы окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоону окутуу процессиндеги окутуунун натыйжасын аныктап алуу, окуучулар менен кайтарым байланышты түзүү, окуучунун прогрессине көзөмөлдүк кылып туруу, окутуу процессин жакшыртуу маселелери менен байланыштырышты;

2) мугалимдердин 72 %ы окуучунун жетишкендиктерин баалоо боюнча түшүнүктөрү начар экенин көрсөтүштү. Алар баалоону текшерүү аяктагандан кийин окуучуга сандык баа коюу (“2”, “3”, “4”, “5”) деп түшүнүшөт, окуучунун билим деңгээлин аныктоо деп белгилешет;

3) ал эми мугалимдердин 12 %ы “бул суроого толук жооп бере албай атам” деп жооп беришти. Мугалимдердин мындай жооптору алардын баалоо боюнча өз ой-пикирлери калыптана электигин көрсөтөт.

*Экинчи маселени* анализдөөдө мугалимдердин баалоонун жаңы түрлөрүнүн маңызын, алардын өзгөчөлүктөрүн жана маанисин түшүнө билүүсү иликтөөгө алынды. Бул маселени иликтөөдө төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ болдук:

а) сурамжылоого катышкан мугалимдердин 41 %ы – калыптандыруучу баалоо тууралуу билем (уккам, окугам, коллегаларымдан көргөм) деп жооп беришкен;

б) мугалимдердин 32 %ы “калыптандыруучу баалоонун кээ бир ыкмаларын өз ишмердүүлүгүмдө колдонуп атам” деп жооп беришкен;

в) 21% мугалимдер “калыптандыруучу баалоону өз ишмердүүлүгүмдө дайыма колдоном, башкаларга тажрыйбаларым менен бөлүшө алам” деп жооп беришкен;

г) “калыптандыруучу баалоону колдонуунун кажети жок” деп жооп берген мугалимдердин үлүшү 2 % ды түздү;

д) “мындай баалоо тууралуу маалыматым жок” деп жооп берген мугалимдер 4 %ды түздү.

Калыптандыруучу баалоо тууралуу сурамжылоого катышкан мугалимдердин жарымына жакыны “ал тууралуу маалыматым бар” деп жооп беришкен, ал эми үчтөн

бири гана бул баалоонун кээ бир элементтерин колдоно алышат. Калыптандыруучу баалоо боюнча маалыматы жок болгон мугалимдер жогорку окуу жайларын акыркы 2-3 жылда бүтүп келгендер болуп эсептелет. Мындан, жогорку окуу жайларында калыптандыруучу баалоо тууралуу студенттерге жетиштүү маалыматтар берилбегендигин билүүгө болот. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин бештен бир бөлүгү гана калыптандыруучу баалоону ийгиликтүү ишке ашыра алышат. Албетте, бул тенденция биздин изилдөө үчүн канааттандырарлык деп атоого болбойт. Мугалимдер мурунтан бул баалоо тууралуу маалымат алышкан, тренингдерге катышкан, бирок, практикалык түрдө бул баалоонун бардык стратегияларын, ыкмаларын колдоно алышкан эмес. Ошондуктан, мугалимдердин аз гана бөлүгү бул баалоону колдонуу боюнча жакшы тажрыйбаларга ээ болушкан.

*Үчүнчү маселе* – бул кайтарым байланыштын ролу тууралуу мугалимдин түшүнүгүнүн бар болушу тууралуу маселе. Кайтарым байланыш калыптандыруучу баалоонун негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп эсептелет. Аны мугалим иш билгилик менен уюштуруусу зарыл. Мында дагы биз төмөнкүдөй маалыматтарга ээ болдук.

а) “кайтарым байланыш окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы тууралуу мугалимге берилүүгө арналган маалымат” деп сурамжылоого катышкандардын 38 %ы эсептеген;

б) “окуучу мугалим менен дайыма контактта болуп туруусу зарыл, мындай байланыш окутуунун максатына жеткирет” деп жооп беришкен мугалимдердин үлүшү 45 % ды түзгөн;

в) ал эми мугалимдердин 17 %ы – “кайтарым байланыш анча маанилүү эмес, мугалим окутууну туура уюштурса ошол эффективдүү” деп жооп беришкен.

Мындан, мугалимдер кайтарым байланыштын ролу тууралуу анча толук маалымат албагандыгы көрүнүп турат.

*Төртүнчү маселе* мугалимдердин “критерий” түшүнүгүн билүү деңгээлин аныктоого багытталган. Башталгыч класстын мугалимдеринин бул түшүнүктү өздөштүрүүлөрү канчалык, кандай деңгээлде бул түшүнүктү колдоно билишерин аныктоодо төмөнкүдөй жыйынтыкка ээ болдук.

а) бул түшүнүктүн маанисин чечмелеп айтып бере алган мугалимдердин үлүшү 44 %ды түздү. Мугалимдер критерийдин маанисин чечмелөөдө, окуучунун билимин баалоодо критерийди колдонуу керек деген көз караштты бекемдешти;

б) бул түшүнүктүн маанисин түшүнүп, конкреттүү мисалдарды келтире алган мугалимдердин үлүшү 18 %ды түздү. Мында мугалимдер кээ бир предметтен мисалдарды келтиришип, критерийлер менен баалоодо окуучулар баалоонун тууралыгына ишене тургандыгын айтышты;

в) бул түшүнүктүн маанисин чечмелей албаган мугалимдердин үлүшү 38%ды түздү. Мында мугалимдер баалоодогу критерийлердин ролун түшүнбөй таргандыгы, баалоодо алар субъективдүүлүккө көбүрөөк жол бере тургандыгы маалым болду.

*Бешинчи маселе* – бул окуучулардын өзүн-өзү жана бири-бирин баалоосу тууралуу мугалимдердин түшүнүктөрү. Мында мугалим окуучулардын өзүн-өзү баалоосу, бири-бирин баалоосу канчалык маанилүү экенин түшүнүүсүн билүү. Мисалы, кээ бир мугалимдер окуучуларды баалоого катыштырууну каалашпайт. Мугалимдин жетектөөсү менен гана баа коюлуусу зарыл деп эсептешет. Бул маселени иликтөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй маалыматтар алынды.

Сурамжылоого катышкан мугалимдердин ичинен 84% окуучунун өзүн-өзү баалоосу жана бири-бирин баалоосу анын окуу ишмердүүлүгүндөгү маанилүү иш-аракеттердин бири деп жооп беришкен. Аргумент катары мугалимдер төмөнкүлөрдү аташат: окуучу өз мүмкүнчүлүгүн, оң жана терс жактарын өзү түшүнүүсү зарыл; окуучу өз билимине жана өзүнө карата объективдүү көз караште болуусу кажет; өзүн баалаганды үйрөнсө, ал башкаларды дагы баалоону үйрөнөт; бул ишмердүүлүк окуучуну өз кемчиликтерин жойгонго үйрөтөт; бул иш-аракеттер окуучунун окуу материалын жакшы өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

*Алтынчы маселе* – окутуу процессинде баалоону уюштурууда жана окутуунун

натыйжасын аныктоодо мугалимдин кыйынчылыкка дуушар болуусун билүү. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин 54 %ы сабакты өтүү үчүн окутуунун натыйжасын аныктап алууда кыйналбай турганын билдиришет. Анткени, алардын оюу боюнча окутуунун натыйжасын аныктоого программаларда келтирилген окутуунун натыйжасы негиз түзүп берет. Баалоону уюштуруу үчүн критерийлерди колдонууда мен кыйынчылыкка дуушар болбоймун деген мугалимдердин үлүшү 46% ды түздү.

**Корутунду**. Иликтөөдө белгилүү болгондой, нормативдик документтерде дагы, окуу программаларында дагы окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоого карата тиешелүү методикалык шарттар түзүлгөн. Бирок бул шарттарды мугалимдер тиешелүү деңгээлде пайдалана алышпай тургандыгы белгилүү болду. Баалоо көпчүлүк учурда традициялык тартипте уюштурулат, баалоонун заманбап стратегияларын көпчүлүк мгалимдер колдоно билишпейт. Мугалимдердин калыптандыруучу баалоону уюштурууга канчалык деңгээлде даяр экендиги, канчалык деңгээлде ишке ашыра ала тургандыгы баалоо процессин ийгиликтүү ишке ашыруунун маанилүү шарты катары эсептелет. Биздин иликтөөбүздүн натыйжасы көрсөткөндөй, мугалимдердин баалоо боюнча практикалык даярдыгы басымдуулук кылат.

**Адабияттар:**


1. Калдыбаев С.К. Компьютерная диагностика результатов обучения в общеобразовательной школе: практико-ориентированная монография / С.К. Калдыбаев, Д.М. Ажыбаев, М.М. Бекежанов. – Бишкек, 2007. –136с.
2. Калдыбаев С.К. Педагогикалык баалоонун негиздери: Педагогикалык билим берүү багытындагы бакалаврларды даярдоо боюнча окуу куралы (Педагогикалык билим берүү багыты) / С.К. Калдыбаев, А.М. Мамытов, С.И. Иптаров. – Б.: KIRLand, 2014. – 180 б.
3. Калдыбаев С.К. Факторы развития педагогического оценивания в Кыргызской Республике / С.К. Калдыбаев, В.Т. Исакова, Г.А. Эсеналиева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2018. – № 2. – С. 14-21.
4. Калдыбаев С.К. Проблемные ситуации в теории и практике оценивания / С.К. Калдыбаев // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2018. – № 3. – С. 13-23.
5. Мамытов А.М. Оценка образовательных достижений учащихся начальной школы. Монография / А.М. Мамытов, М.Мыкыева, Г.Тагаева. – Б., 2018. – 170 с.
6. Кадырова З.А. Башталгыч класстын окуучуларынын окуу жетишкендиктерин баалоо проблемасы боюнча изилдөөлөргө талдоо / З.А. Кадырова // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2020. – № 3 (52). – С. 52-59.
7. Тагаева Г.С. Научно-теоретические основы оценивания образовательных достижений учащихся в начальной школе на примерер русского языка / Г.С. Тагаева // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2019. – № 2 (48). – С. 35-40.
8. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты / Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин кол китеби. – Бишкек, 2015. – 93-110 бб.
9. Математика. Башталгыч мектеп боюнча окуу программасы. – Б., 2019. – 14 б.


***Рецензиялаган:***
***Токтомаметов А.Д.***
***педагогика илимдеринин кандидаты***